КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 26-июну № 31** **Барскоон айылы**

**Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн пляждык зоналарында күчтүүлүгү 15 градустан жогору болгон алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө, сатууга жана 100 м аралыкта чатырларды тигүү, автоунааларды токтотууга тыюу салуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 2021-жылдын 28-октябрындагы № 128 Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесине ылайык, айлана- чөйрөгө химиялык заттардын чыгышын азайтуу жана адамдардын ден соолугуна терс таасирин азайтуу максатында Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 29-февралындагы № 33 токтому менен 2024-жылга карата бекитилген 34-пунктунда жергиликтүү кеңештер тарабынан Ысык-Көлдүн пляждык зоналарында алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө тыюу салуу чечимин кабыл алуу жана жергиликтүү кеңештин депутаты Э.Кубанычбековдун 100 метр аралыкта чатырларды тигүү жана автоунаа каражаттарын токтотуу боюнча сунуштарын жергиликтүү кеңешинин депутаттары ар тараптан карап, талкуулап чыгып, Барскоон жергиликтүү кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн пляждык зоналарында күчтүүлүгү 15 градустан жогору болгон алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө жана спирт ичимдиктерди сатууга, 100 метр аралыкта чатырларды тигүү жана автоунааларды токтотууга тыюу салынсын.

2. Укук бузган ар бир жаран Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө Кодексинин негизинде, жоопкерчиликке тартылары эскертилсин.

4. Барскоон айыл башчысы Ж.Иманкулов, Тамга айыл башчысы М.Конушбеков, Тосор айыл башчысы Э.Кускакбаев, айыл өкмөтүнүн юристи М.Токтогонов, Барскоон аймагындагы милициянын аймактык ыйгарым өкүлдөрү токтомду аткаруу боюнча конкреттүү чараларды көрсүн.

3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу

иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевга тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссияларына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска